5. Орузбаева Б., Б.Сагынбаева “Лингвистикалык терминдердин кыргызча-түркчө, түркчө -кыргызча сөздүгү” (Б., 2004)
6. Расторгуев В.С., Д.И.Эдельман «Опыт историко-типологического исследования
7. Сопоев Р., Ш.Авезметов “Узбек тилидаги арабча ва фарсча сузлар лугати» (Ташкент, 1996)
8. Старинин В.П. «Структура семитского слова» (М., 1963)
9. Шарбатов Г.Ш. «Семитские языки» (М., 1963)
10. Эдельман Д.И. “Сравнительная грамматика восточноиранских языков” (М. 1977)
11. Н.В. Юшмановдун «Избранные труды. Работы по обүей фонетике, семитологии и арабской классической морфологии» (М., 1998)



**УДК: 94/(520) (338)**

*Сатыбалдыева Ч.Т., т.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*
*Арзыкул кызы Н., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Таир кызы Г., ОшМУнун окутуучусу,Кыргызстан*
*Имадинова Д.З., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*

*Сатыбалдыева Ч.Т., к.и.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*
*Арзыкул кызы Н., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Таир кызы Г., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Имадинова Д.З., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*

# XX кылымдын 80 – жылдарындагы Япониядагы экономикалык кайра куруулар
# Экономические преобразования в Японии 80-е годы XX века.
# Economic transformations in Japan 80th of the XX century.

*Бул илимий макалада XX кылымдын 80 – жылдарындагы Япониядагы экономикалык кайра түзүүлөр жана анын негизги багыттары талдоого алынган.*
***Ачкыч сөздөр:*** *XX кылым, 80 – жылдар, Япония, экономика, кайра куруулар.*

*В этой статье рассматривается экономические преобразования Японии в 80-х годов XX века и ее основные направления.*
***Ключевые слова:*** *XX век, 80-е годы, Япония, экономика, преобразования.*

*This article is considered the economic transformation of Japan in the 80th of the XX century and its main directions.*
***Keywords:*** *XX century, 80th years, Japan, economy, transformations.*

Япония өзүнүн экономикалык системасын түп тамырынан бери өзгөртүүгө аргасыз болду. Негизинен бул дүйнөнүн өнүккөн цивилизациясын экономикалык өзөгүн түзгөн – постиндустриалдык экономикалык үлгү иштелип чыккан. Ал деген, барыдан мурда, экономиканын тутумунда өзгөрүүлөр болгондугун айгинелеген.

Жаңы экономикалык түзүмдө негизги орунду үчүнчү сектор ээлеген. Ал секторго – соода чөйрөсү, калкты тейлөө кызматы, каржы, социалдык чөйрө, илим, информатика, инфоструктура кирет. Так мына ушул тармактарда улуттук продуктунун көпчүлүгү өндүрүлүп, калктын көпчүлүгү иш менен камсыз боло баштаган. Жаңы фирмалар дагы ошол сектордо түзүлүп жатты. Бул убакытка чейин экономикада өнөр жай тармагы негизги болуп келсе, эми ал үчүнчү секторго тийди.
Өнөр жайда илимге негизделген өндүрүшкө басым жасалган. Бул тармакта продукциянын наркы илимий жактан негизделип, кызматкерлердин техникалык квалификациясына, дизайнга, ноу-хау жана башкалар дагы эске алынган. 1980 ж. баштап Японияда 26 технополистер түзүлө баштаган. Технополис – деген бул өзүнүн инфструктурасы, транспорттук жана маалымат системасы бар үлгүлүү шаар. Аларда өзүнүн өнөр жай парктары, илим жана технология борборлору, маданий мекемелери, мектептери жана университеттери бар. Мындай технополистер өкмөттүн жана жергиликтүү бийликтердин катышшуусунда түзүлгөн. Алар өлкөнүн бардык аймактарына бирдей, тең салмакта бөлүнгөндүктөн, жаңы экономикалык системаны жайылтуунун борборлору болуп калышкан. Бардык капиталдык салымдардын 50% мамлекеттин эсебинен бөлүнүп, андан башка дагы ар түрдүү жеңилдиктерди берүү шарты менен өлкөдөгү өндүрүш каражаттарын толук бойдон техникалык реконструкциялоо ишке ашырылган.[1]

Чийки затты, энергоресурстарды көп сарптаган жана эң жөнөкөй операцияларды аткарууда жумушчу күчүн көп талап кылган, айлана чөйрөнү булгаган өнөр жай ишканалары, кээ бир тармактар толук бойдон аесуз жок кылынган. Булардын катарына эң алды менен болот, алюминий өндүрүү, химия, электротехникалык өнөр жайларды, кеме курууну кошсо болот. Ушул убакытка чейин аталган тармактар Япониянын өнөр жай өндүрүшүнүн сыймыгы болуп, аларда эбегейсиз көп адам эмгектенген. Ошого карабастан, энергоресурстарга жаңы баа коюлган, өтө катаал экологиялык мыйзамдар иштелип чыгып, жумушчу күнүнүн наркы өскөн мындай шартта чечкиндүү кадамдарды жасабай коюуга мүмкүн болбой калган.

Кайра түзүүлөрдөн дагы мүнөздүү белгиси таптакыр жаңы, мурда болуп көрбөгөн технологиялардын өндүрүшкө киргизилиши болгон. Бул технологиялар эмгек предметине малекулярдык деңгээлде таасир этип, анын ички түзүлүшүн өзгөртөт. Буга чейинки технологиялар боюнча баардык индустриалдык коомдо жөнөкөй гана механикалык жол менен жасалып келген. Жаңы технологиянын мисалына темирди лазер нуру менен кесүүнү айта кетсе болот. Жаңы технологияда материал коромжуга учурабайт, экологиялык жактан таза, калдыктары аз чыгат.

Дүйнөлүк рыноктогу кырдаалдын тез өзгөрүп турган шартында өндүрүштү уюштуруунун формасын дагы өзгөртүү талап кылган. Тактап айткандаэми рыноктун талабына тыкыс көз салып, ар бир өзгөрүүнү байкап, ошого жараша өндүрүш процессинде өзгөртүүлөрдү киргизип туруу зарыл эле. Мындай шартка ылайыкташтыруунун жолу өндүрүштө продукцияны аз-аздан рыноктун талабына жараша өлчөмдө чыгарып туруу деп табылган. Өндүрүштүн мындай багытта иштешип өз кезегинде фирмаларды башкарууну децентаризациялоо б.а. ири корпорациялар өздөрүнүн башкаруу укугунун көп бөлүгүн жер-жерлердеги филиалдарына өткөрүп берет. Алар эми, эмне чыгарууну кандай баа менен кайда сатууну жана өндүрүш тутумун кандайча өзгөртүүнү өздөрү чечишет. Ушундай

кайрадан уюшулган жаңы ишканалардын дээрлик көпчүлүгү ийкемдүү келишип, рыноктук талабына жараша өндүрүштү тез-тез өзгөртүп турууга жөндөмдүү болуп чыкты.

Энергоресурстарды үнөмдөө жаатында, көрүлгөн чаралар акырындык менен өз үзүрүн бере баштаган. Алсак, 1975-1980жж.өнөр жайдын энергияны сарптоосу 20% га азайышынын негизинде 1980 ж. өлкөгө мунай ташып келүү 9% га кыскарган. Аны менен катар эле энергиянын башка булактарын издөө уланып, күндүн, океандын, деңиздердин толкундарын пайдаланып энергия чыгаруучу станциялардын долбоорлору иштелип жатты. Таш көмүрдөн газ алуу боюнча атайын программа кабыл алынып, аны пайдалануунун эсебинен 1980 ж. Япония өзүнүн энергияга болгон муктаждыгын 63% гана мунайды керектөөдөн алып турган. Чет элдик өнөктөштөрүнүн талабы боюнча импорттук товарларга болгон квоталардын көпчүлүгү жоюлуп жана тарифтерди төмөндөтүү менен Япония өзүнүн ички рыногун тарифке байланышпаган тосмолор аркылуу коргоп алган. Аларга: бажы деклорациясын толтуруунун татаал эрежелери, катаал санитардык нормалар, товардын сапатына коюлуучу талаптар. Андан башка Япониядан товар сатуунун көп баскычтуу системасы орун алган, ошонун кесепетинен өлкөгө киргизилген товарлардын наркы кымбаттап кетип, алардын жергиликтүү товарлар менен атаандаштыгы төмөндөйт. Ал эми өзүндө чыгарылган жергиликтүү товарларды ишкерлер Японияда, чет өлкөлөрдө саткандан дагы кымбатыраак сатышат, ошонун аркасында бардык чыгымдарын жаап турушат. Мындай көрүнүш чет элдик атаандаштардын нааразычылыгын жаратат. Бирок, япондуктарды түздөн түз күнөөлөгөнгө негиз жок, анткени бажылык төлөмдөрдүн денгээли бул жерде АКШ Батыш Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу төмөн, ал эми квота болсо негизинен айыл чарба продуктыларына гана тийешелүү (импортко тыюу салынат).[2]

1980-1987 жыдар ичинде ички рынокто суроо-талап төмөндөө жолунда болду. Ал өз кезегинде УДПнун өсүү ыргагынын жайлашына алып келген. Ошог8о карабастан жалаң гана экспорттун өсүшүнүн себебинен ИДП 1982 ж. 3%, 1983 ж. – 3,7%, 1984 ж. – 5,5% га көтөрүлгөн.

1981 жылы Япония тышкы рынокко продукциялардын жаңы түрлөрүн-микропроцессорлор, өнөр жай роботтору, ийкемдүү өндүрүш системаларын чыгара баштаган. Бирок көлөмү жагынан өсүп бара жаткан экспорттук товарлардын негизгилери – үй турмушка керектелүүчү электроника, турмушта көп колдонулуучу товарлар: телевизорлор, видеомагнитофондор, миксерлер, СВЧ-печкеси жана башка калк кеңири керектөөчү турмуш тиричиликте көп колдонулуучу техникалардын жаңы түрлөрү болуп кала берген. Мисалга 1981 ж. Япония видеомагнитофондор сатылган Батыш Европанын рыногунун 90% ээлеп алган. Экспорттун өсүшүнө япондуктардын товарды сатуу шартын жакшыртуусу, тейлөө, сатылгандан кийинки ремонттоп берүү сыяктуу кызматтары дагы түрткү берген. 1980ж. 1-декабрынан баштап тышкы сооданын үстүнөн болгон мамлекеттик тескөө салыштырмалуу экспорттун көлөмү 1982-ж. 9млрд.долл., 1983ж. 24млрддан ашык, 1984ж. бул көрүнүш уланып, АКШ менен болгон соода балансы Япониянын пайдасына 35млрд долларды түзгөн.[3]

1980ж. баштап Япон өкмөтү акырындык менен мурунку экономикалык саясаттан баш тартып, аны либералдаштыруу багытын алат. Ошонун алкагында мамлекеттин менчигинде турган ишкана, мекемелердин бир бөлүгүн менчиктештирүү мүмкүнчүлүгүн караштырып, мамлекеттик жөнгө салуу механизмин

бошоңдотот. Мындай кадам дүйнөлүк экономиканын мүнөзүнүн жалпы өзгөрүүлөрү менен байланышкан. Анткени түзүлгөн жаңы шартта, мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү, образдуу айтканда пилдин идиш-аяк саткан күркөсүнүн ичине кирип алышын элестелет. Ошондуктан, башынан бери өзгөчөлөнүп келген Японияда дагы рынок мамилелерине басым жасала баштаган.

Бул өлкөдө мындай кадамга баруу оңойго турган жок, себеби, 1980жылга Япония көптөгөн товарлардын түрүн өндүрүп чыгарууда өнүккөн өлкөлөрдөн алдыга озуп кеткен болучу. Ал эми мындай ийгиликтер так ошол мамлекеттин борбордоштурулган мерчемдөөсүнөн, каржылоосунан, кадрларды даярдоо жана билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттин жүргүзгөн саясатына жаралган эле. Р.Рейган башкарган мезгилдеги АКШга же тетчер бийликте тургандагы Англияга салыштырмалуу Японияда рынок механизминин сокур күчүнө көп деле ишене беришкен эмес. Ошого карабастан мамлекеттин үстөмдүк кылуусунан акырындык менен баш тартуу бул өлкөдө дагы башталган.

1980ж. Японияда мурдагы, экономикага чет элдик капиталды тартууга каршы болгон стратегияны кайрадан карап чыгуу башталып, ошол эле жылы чет элдик 12,6млрд доллар өлчөмүндөгү каражат тартылган. Ошол жылдан баштап бул процесс жылдан жылга өсө берген. Аны менен катар япондуктардын чет өлкөлөргө капитал салышы 1989-жылга 186млрд доллар жеткен.

Сөз болуп жаткан мезгилгн таандык дагы бир жагдай сөз кылууга татыйт. Япония өзүнүн окумуштуу, инженерлерине конструктордук иштеп чыгууларга жана илимий изилдөөлөргө болгон каражаттын көлөмүн көбөйтүп жаткан. Ушул багытка жумшалган каражаттын көлөмү 1980 ж. 14,5% чейин көтөрүлгөн. Япониянын илими дүйнөдөгү алдыңкы катарга көтөрүлө баштаган.

1980 жылдардын орто ченинде мунайдын дүйнөлүк баасы баррелине-16-17 долл. чейин түшкөнүнө байланышуу экономикада жогорулоо баштаган. Японияда өнүгүү негизинин ички рыноктогу суроо-талаптын өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Бул өлкө кайрадан дүйнөлүк экономикада өз ордун бекемдеп алды.

Япониядагы технологиялык кайра куруулардын ийгилиги башка себептер менен катар, анын өнөр жайынын өзгөчө тутумуна дагы байланышкан. Биринчиден, ал жерде көп прпрофилдүү өндүрүш болгондуктан рыноктун талабына ылайык тез арада ошого ылайыкташууга мүмкүнчүлүгү бар. Экинчиден ири корпорациялардын тутумунда өнөр жай иш каналары менен катар эле өзүнүн каржылык мекемелери да болгон. Бул өзгөчөлүктүн тарыхы узак белгилүү болгондой XIX кылымдын аяк ченинде так ошол банктар мамлекеттен көптөгөн иш каналарды сатып алып аларга дагы кожоюн болуп калышкан. Өзүнүн каржылык мекемеси, андагы каражаты бар ишкана, дүйнөдө түзүлгөн каржылык кырдалга карабастан, качан гана болбосун өзүндө техникалык кайра жабдуу жана технологиялык жаңылоо иштерине зарыл болгон каражат таба алат.

Чет элдик компаниялар тарабынан Японияда курулуш иштерин жүргүзүүгө чектөөлөрдүн жана бажылык тосмолордун алынып салынганына карабастан экспорт менен импорттун айырмачылыгы өсүп отурган 1980 жылдардын ортосунда АКШ менен Япониянын ортосундагы соода балансы 50млрд долларды түзүп 1988 ж. АКШнын конгресси соода жана атаандаштык жөнүндө мыйзам кабыл алганга чейин барган. Ага ылайык, АКШ президентине Японияны “абиийирсиз соодагер” өлкө катары күнөөлөөгө жана Япониядан андай адилетсиздик кадамдарга барбоо талабын

коюу укугу берилген.[4]

Ушунун өзү АКШнын япондуктарга такай наараазы болгондугунан кабар берет. Бирок, ушул өңүттөгү сүйлөшүүлөр эч кандай жыйынтыксыз аяктап, АКШнын коркутуп-үркүтүүсү Японияга жетишээрлик таасир эте алган эмес.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Адилбаев Ж.А. Япониянын соңку тарыхы1918-2010: Окуу куралы. – Ош, 2014.
2. Новейшая история стран Азии и Африки. XX век: Учеб. Для студентов вузов: В 3 ч./ Под ред. А.М. Родригеса. – М., 2005.
3. Малинова В.С. История Японии. – М., 2009.
4. Булгакова С.Т. Новейшая история Японии. – М., 2012.



**УДК: 94 (575.2)**

*Смадияров С.А., т.и.к., ОшМУнун профессору, Кыргызстан*

*Смадияров С.А., к.и.н., профессор ОшГУ, Кыргызстан*

**Профессор Өмүркул Караев - кыргыздын тунгуч чыгыш таануучу илимпозу.**
**Профессор Омуркул Караев - первый кыргызский ученый востоковед.**
**Professor Omurkul Karaev – the first Kyrgyz scientist – orientalist.**

*Макалада кыргыз элинин тунгуч чыгыш таануучу илимпозу профессор Ө. Караевдин илимий ишмердиги талдоого алынды.*

***Ачкыч сөздөр**: арабист, чыгыш таануучу, орто кылымдар, кыргыз элинин этногенези, араб-перс булактары.*

*В статье проанализирована научная деятельность профессора О. Караева – первого ученого востоковеда кыргызского народа*

***Ключевые слова:** арабист, востоковед, средние века, этногенез кыргызского народа, арабо-персидские источники.*

*The article analyzes the scientific activity of Professor O. Karaev - the first scientist – orientalist of the Kyrgyz people*

***Key words:** Arabist, Orientalist, Middle Ages, ethnogenesis of the Kyrgyz people, Arab-Persian sources.*

Кыргыз таануу илиминин карапайым жана мээнеткеч дыйкандарынан болгон, кыргыздын туөгуч арабист – чыгышпозу Өмүркул Караев өзүнүн бүткүл өмүрүн кыргыздын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхын, кыргыз этногенезинин проблемаларын изилдөөгө арнаган. Чаалыкпаган изилдөөчү кыргыздын булак таануу илимине да нар көтөргүс салым кошту. Илимпоздун түрк доорунун, Караханийлер